УДК 82 (575.2)
DOI 10.33514/1694-7851-2024-4/3-779-786

**Устабаева Г.К.**
филология илимдеринин кандидаты, доценттин м.а.
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
gustabaeva@bhu.kg
**Сүйүнбек кызы Ү.**
магистрант
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.

## Ш. ДҮЙШЕЕВ – МИНИАТЮРАЛЫК КЫСКА ЖАЗЫЛГАН ЧЫГАРМАЛАРДЫН ЧЕБЕРИ

**Аннотация.** Ш. Дүйшеев - кыргыз адабиятынын эгемендүү жылдардан кийинки тарыхынында кала турган белдүү акын, жазуучу жана публицисттердин бири. Ал өзүнүн чыгармачылык айдыңында коомдогу маселелерди көтөрүп, алардын чечилишине демилгечи болуп келет. Чыгармачылыкка кеч аралашып, бирок кыргыз адабиятынын тарыхында арышын кең таштаган акын-жазуучу катары белгилүү. Анын калемине таандык коомдун көйгөйлүү проблемасын камтыган бир топ чыгармалары бар. Өзгөчө он жылдан бери окурмандын сүйүктүү китебине айланган “Агындылар” китебинин ички мазмуну тереңдикке алып барат. Ошону менен бирге миниатюралык кыска жазылган чыгармаларында кызыктуу проблемалар камтылып, окурмандарды адабий майданга жетелеп келет. Кыска жазылган чыгармаларыда кыргыз элине таандык улуттук баалуулуктар сиңирилген.

**Негизги сөздөр:** мазмун, улуттук нарк, улуттун уңгусу, этнопедагогика, коомдук маселелер, көйгөйлүү проблемалар, жыйнак, чыгарма, өксүк, социалдык кырдаал, лирикалык каарман, миниатюра, кыска чыгарма ж.б.

**Устабаева Г.К.**
кандидат филологических наук, и.о. доцента
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек
gustabaeva@bhu.kg
**Сүйүнбек кызы Ү.**
магистрант
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек

## Ш. ДУЙШЕЕВ – МАСТЕР МИНИАТЮРНЫХ ПРОИЗВЕДЕНИЙ

**Аннотация.** Ш. Дуйшеев останется в истории кыргызской литературы, как один из выдающихся поэтов, писателей и публицистов в годы независимости. За свою творческую карьеру он был инициатором решения проблем народа. К творчеству он приобщился поздно, но известен как поэт-писатель, оставивший свой след в истории кыргызской литературы. Из его пера вышли произведения, освещающию серьезные проблемы общества. Особенно

внутреннее содержание книги «Агындылар», ставшая за десять лет фаворитом читателей, уводит в глубину таких вопросов. Проблемы, поднятые в ней, ценны тем, что взяты из тех мест, где в обществе преобладает нехватка, они становятся актуальной темой дня. В то же время его миниатюрные произведения содержат интересные проблемы и выводят читателей на литературное поле. В его коротких произведениях заложены национальные ценности кыргызского народа.

**Ключевые слова:** содержание, национальная ценность, корень нации, этнопедагогика, социальные вопросы, проблемные вопросы, сборник, труд, недостаток, социальная ситуация, лирический персонаж, миниатюра, короткая произведение.

**Ustabaeva G.K.**
Candidate of Philological Sciences, acting associate professor
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek c.
gustabaeva@bhu.kg
**Suynbek kyzy Y.**
master's student
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek c.

## SH. DUYSHEEV IS A MASTER OF MINIATURE WORKS

**Annotation.** Sh. Duysheev will remain in the history of Kyrgyz literature as one of the outstanding poets, writers and publicists during the years of independence. During his creative career, he was the initiator of solving the problems of the people. He got involved in creativity late, but is known as a poet-writer who left his mark in the history of Kyrgyz literature. From his pen came works that illuminate serious problems of society. Especially the internal content of the book “Agyndylar”, which has become a favorite of readers over ten years, takes us into the depths of such questions. At the same time, his miniature works contain interesting problems and bring readers into the literary field. His short works contain the national values of the Kyrgyz people.

**Key words:** content, national value, root of the nation, ethnopedagogy, social issues, problematic issues, collection, labor, disadvantage, social situation, lyrical character, miniature, chigarma pussy, etc.

Кыргыз адабиятында аңгеме жанрында Ж. Мавлянов, К. Каимов, К.Жусупов, М. Гапаров, М. Байжиев, А. Саспаев өңдүү жазуучулар үзүрлүү эмгектенип, анын өнүгүсүнө салып кошуп келишкени ырас. Эгемендүүлүк жылдарында бул жанрда изденгендер көп болуп, “массалык адабияттын” тобун түзүшкөн. Эгемендүүлүктүн алгач башталаган жылдарында кай бир адамдар жан багуу үчүн ушул тармакты каражат табуу булагы катары пайдаланышып, өнүктүрүүгө бел байлашкан. Анткени жазууга жеңил “...массалык адабият – 1. Адабияттагы өзгөчө мыкты көрүнүш катары бөлүнүп чыкпаган, жалпы көчтүн карасындагы, көптүн арасындагы чыгармалар. 2. Эл арасына кеңири тараган, көркөмдүк-эстетикалык деңгээли жогору эмес, негизинен көркөм табити анчалык өнүкпөгөн окурмандарга ылайыкталган, окууга жеңил, бирок окурманды ойго салбаган чыгармалар” (алдын сызган - биз) [1] болуп келгени чындык. Мындай көрүнүш көп жылдык убакытты өзүнө камтып келди. Башка

өнүккөн мамлекеттер менен алака түзүлгөндөн баштап билим берүү, илим, адабият, маданият, искусство ж.б. толуп жаткан тармактарда өзгөрүүгө багыттар башталган. Коомчулуктун көз карашында көркөм чыгармаларга болгон табитиндеги өзгөрүүлөр жана өнүгүүлөр байкалып, таптакыр мурунку жанрларга окшобогон жанрда жазылуучу көркөм чыгармаларды күтүп келишкен. Анын үстүнө интерннет желелерине болгон сабаттуулук да таасирин тийгизбей койгон жок. Ошондой мезгилде Ш.Дүйшеев миниатюралык кыска жазылган чыгармаларды изденип жазууга аракеттерин көрө баштаган. Жазуучудагы мындай өзгөрүүнү Т.Эгембердиев мындайча: "...мындай жанрда бир дагы чыгарма жазылган эмес. Себеби кыргыз жазуучуларынын дээрлик көпчүлүгү орус жазуучуларынын таасири менен аларды туурап жазышкан. Шакемдин артыкчылыкка айланган бир кемчилдиги бар, ал орус классиктери тургай, орусча китеп окуган эмес. Кыпкыргызча билгендери менен уккандарынын кызыктуусун аралаштырып оозеке формада, жөнөкөй жана эркин формада жазып салып жатпайбы. Бул жагдай Шакемдеги чоң таланттын тамгасы деп ойлосок туура болот, анткени талантуулар гана эл баскан жол менен бапай, эч ким басып өтө элек жаңы жол менен башкача басышат "- деп [2, 9.] белгилеп өткөн. Мына ошол өзүндөгү эбегейсиз зор талант, чоң эненин нукура нарктуулук менен сүйлөгөн ар бир сөзү, "Манас" эпосун түтүнмө түтүн кыдырып окуган мээнети акыл сезимдин түбүнө уюп, оргуштап өсүшүнө түрткү берип, кыска миниатюралык аңгемелердин жазылышына себепчи болду. Ш.Дүйшеев чыныгы сүрөттү кайра чыгаруу үчүн «сүйлөшүүчү» үн деталдарын колдонот. Мисалы, күн күркүрөгөн бороонду сүрөттөп жатканда окурмандын көз алдына келүүчү элестерди жандуу сүрөттөп берүүгө аракет кылган. Өз учурунда окумуштуу Б. Ш. Усубалиев: «Анын сүрөткерлиги ушунчалык – Шакем көзгө көрүнүп, кулакка угулбаган нерсенин гана эмес, түшүндө элестетүүгө мүмкүн болбогон нерсенин, айталы, күйүттүн, кайгынын да келбетин сөз менен тартып бере алат», - деген пикирин айткан [3, 4-5] Көбүнчө кайталануучу үн деталдары канаттуулардын сайраганы, жаныбарлардын жана курт-кумурскалардын үндөрү. Бул болмуштун толуктугунун ажырагыс бөлүгү болуу менен жаратылыштын образын жандантат. Албетте, көптөгөн жазуучулар, акындар, сүрөтчүлөр жаратылышты сүйүп, ага суктанышат, бирок анын маңызын ушунчалык так жеткире алган, талаанын «үнүн» жеткирген деталдарды «сузгу менен сузуп» алган Ш.Дүйшеев болгон. Чыгармаларындагы табият адам менен дүйнөнүн ортосундагы келишпестикти жоюу зарылдыгына чакырат. Бул жердеги талаа канаттуулары өнүгүүгө умтулууну, адам тагдыр кылган эркин жашоону билдирет. Алар жаратылыштын түбөлүктүүлүктүн, кол тийбестиктин, ал туруктуулуктун элеси экендигин сунуштап, дүйнөнүн толуктугу жана биримдиги сезимин берет. Жаратылыш аны менен биримдикке чакырат. Бирок, тилекке каршы, акындын каармандары дагы эле өз дүйнөсүндө жашайт. жаңы турмуштун босогосунда турган жаш акын да дүйнө менен гармонияда жашоого даяр эмес болгонуна карабастан табияттын сырлары менен эрте байланыш баштаган.

Жогоруда айтылгандардын баары Ш.Дүйшеев - акын жана сүрөтчү экенин аныктайт. Анын үстүнө чыгарган кай бир ырлары музыкага шыктандырып тургансыйт. Себеби акындын бир топ ырлары да музыканы чакырып, аларга бир топ обондор жаралган. Муну менен акындын кара сөз түрүндө жазылган чыгармалары да окуганда обон чакырып тургандай сезилет.

**"Миниатюра"** дегендин өзү эмне? Миниатюра - негизи эле латын сөзү. "Боёк" деген маанини түшүндүрөт. Биринчи - мазмуну жана композициясы өтө чакан аңгеме, очерк, ошондой эле айрым бир сахналык чыгармалар. Экинчи - байыркы мезгилдерде китептерди коолдоо үчүн тартылып келе жаткан иллюстрация, сүрөт [4, 254 б.]. Мына ошол өтө чакан

аңгемелерге чебердик менен мазмунду, композицияны батырып, адабиятта бир сүйлөмгө бүтүндөй бир маанини камтып, маселе көтөрүп, эгемендүүлүк жылдардан кийин адабияттын жаңы барагындагы алгачкы жаңы кадамдарды Ш.Дүйшеев баштаган. Мындай чыгармалар дүйнөлүк адабиятта “Чеховдук аңгемелер” деп аталат. Бүгүнкү күндө Ш.Дүйшеев бул жанрдын “кадырын” алда канча бийиктикке көтөрүп, дагы бир өзгөчө жаңы белгисин ачууда талбаган эмгек сиңире алды.

Эгер “Чеховдук аңгемелер” эмнени түшүндүрө турганына келе турган болсок, орустун белгилүү жазуучусу А.Чехов XX кылымдагы адам баласындагы актуалдуу темаларды көтөрүү менен күндөлүк турмуштагы трагедияны, чечилбеген маселерди өтө кылдаттык менен жеткиликтүү сүрөттөп берүүгө аракеттенген. Сүрөттөөдөгү, мүнөздөрдөгү жаңычылдык өзгөчөлүктөрдү берүүдө жазуучу өзүнө гана таандык стилдик боёкчолорду колдонуу аркылуу гана бере алган [5.]. Өзгөчө коомдогу болуп жаткан кемтик-өксүктөрдү, бай адамдардын социалдык жактан жакыр адамдарга “жакындоо манерасын” жасоо аркылуу өздөрүнө таандык: коркоктук, оройлук, апкөрлүк (наглость), эки жүздүүлүк мүнөздөрүн ачууга аракеттер жасалат. Бул аркылуу адам баласынын жашоосундагы ар түрдүү окуялар ага мурда-кийин да таасирин тийгизүү менен коомдогу жашаган ар бир адамдын мүнөзү, кылык-жоругу, жасаган иши түбөлүк сабак болоору көтөрүлөт.

Ошол аңгемелер “өтө кыска”, “чагылган аңгеме” “икия”, “бир бүркүм сөз”, “чыбыратма” (***чыбыр*** – холмик, местность, покрытия мелкими холмами ; ***чыбыра*** – правнук) деп бөлүнөт [6. 987 б.]. Түрк адабиятында бул жанрга жаңыча көз караш менен түрк адабиятчысы Р.Коркмаз жаңы багытта изилдөө жүргүзүп, кыска аңгеме заманбап талабына жараша жаңыча өнүгүп жатканын белгилеп, «Түрк адабиятындагы жаңы жанр: кичи аңгеме” деген илимий эмгегин жазып чыккан [7]. Ошентип көркөм адабият дүйнөсүндө чеховдук аңгемелер акырындык менен өсүп-өнүгүп, кайсы тилде болбосун өзүнүн таасирин тийгизүү менен бул жанрдын жаңы моделин түзүүгө себеп болуп бере алганы Ш.Дүйшеевдин “Агындылары” далил.

Ш. Дүйшеевдин “Агындылары” - азыркы кыргыз адабиятынын өнүгүшүндө активдүү дискурска айлаган жыйнак болгону ырас. Окуган адамга жеңил, кабыл алууга да жеңил, “кай жеринен окуп кете берсең да абадан кызыктуу” [7, 33 б.]. сезилген бул китеп - заман талабына ылайык убакытты үнөмдөп окуганга, маалымат айдыңында көп жаңылыктарды ала турган “абдан кыска аңгеме” жанрын алып келди. Анткени биз жашаган кылым бат кабыл алууну, бат түшүнүп жыйынтык чыгарууну, бат өздөштүрүүнү талап кылгандыктан, (бат унутуп калууну айтпаганда) жыйнакка кирген бир сүйлөмдөн турган аңгемечелердин ичине терең мазмун сиңирилген. Мисалдарды алалы: “Атасыз үй-түндүксүз боз үй” [2,52.]. “Аталуу балдар ойлогон ойлоруна көзү көрүп тургун иш менен жеткиси келсе, мен кызылдай кыял, фантазия менен жетким келчү” [2, 52.]. “Мен ата болгон менен ушул күнгө чейин балдарымды тилдей албай койдум. Атасыз өскөн киши баласын кантип тилдээрди билбейт экен” [2, 52.]. “Көрсө ымандуу, ынтымактуу балдар дал ошол түндүгү бүтүн, катуу тарбияда өскөн көп балалуу үй-бүлөдө өскөндөр болот экен" [2, 50.]. “Ошондогу төрт-беш жашар бала ээрчитип алып узук жолдо кетип бараткан кемпир бүгүн кимдин эсинде калды дейсиң?” [2, 43 б.] “Ошентип үйү жок чоңойдум. Атамдан ал тиктирген теректер гана калды. Менден эмне калаар экен?” [2, 22.]. “Көрсө жалгыз эле мен эмес, бу дүйнөдөгү адамдардын баарынын өмүрү ушундай агындылардан турат экен” [2, 13.]. “Алтымыш жыл мурун Ат-Башы башка эле” [2, 14.]. “Бүгүн мен “карагайчы кемпирдин” бир бетеге көкүлү бар , эч кимге зыяны жок, пайдасы андан бетер

жок, бети кесик сары баласын издеп баратам" [2, 13 б.]. Бир сүйлөм менен берилген кыска аңгемече мына ушундай. Жогоруда алынган мисалдарга азыркы учур талабы менен маани бере турган болсок, анын ар кайсы бетте жызылганына карабастан, жазуучунун өмүр жолу кадимкидей биринин артынан бири сүрөттөлүп келе берет. Аны белгилүү окумуштуу С.Байгазиев: "...миң главадан — миң бөлүктөн турган чыгарманы көрдүңүз беле? Болгондо да, главалары, бөлүктөрү кандай дебейсизби? Бир главасы бир бүркүм гана сөз. Дагы бир бөлүгү томуктай болгон бир аңгеме. Дагы бир главасы алакандын отундай жерге гана сыйып турат. Кийинки да бир бөлүгү тепкедей болгон гана бир-эки сүйлөм. Кыскасы, китептин структурасы демейкидей эмес, адаттан тыш. "Агындылардын" жаңылыгы дароо ушундан да көрүнөт. Бирок, негизги жаңылыгы мында да эмес. Негизги жаңылык дал ошол чыгармадагы таруудай жайнаган "тамчылардын" (главалардын) ар биринен "күн" көрүнүп тургандыгында... Ш.Дүйшеевде баяндоо баяндоо үчүн эмес, бараандуу ойду, бакыйган маанини бериш үчүн жашайт"-деп өзүнүн илимий көз караштагы таамай аныктамасын берет. [3, 569 б.]

Акындын балаыгы өткөн жер ар кыл пейзаждарга абдан бай жана Ата Мекендик жазуучунун аны өзүнүн аңгемесинде тартуусу табигый нерсе. Демек, жазуучунун каармандары айтып бере албаган сезимдерди талаа, канаттуулар, аба, ар кандай өсүмдүктөр чагылдырат. Бул адамдын сезимдеринин стихиялуу, эркин мүнөзүн баса белгилейт. Ошондуктан акын-жазуучу ар бир чыгармаларды иштөөдө жаратылыш көрүнүштөрүн чеберчилик менен ыктуу берүүгө бел байлаган.

Ошондуктан кай бир адабият таануучулар мындай чыгармаларды "кыска аңгеме", "чагылгандай чыгарма", "бир ууч сөз" деген аныктамаларды берип келишкени бекеринен болбосо керек. Мисалы: "Мага Чоң Энем гана апа бойдон калды" [1] деген бир ууч сөзү бар. "Чоң Эне" деген сөздөгү "Чоң", "Эне" деген сөздөр негедир баш тамгалар менен жазылат. Окурман чыгармага сүңгүп киргенине байланыштуу жазуучунун ар бир тамгасына маани берип окуйт. Ошо баш тамгалар менен жазылган сөздүн өзүнөн эле олуттуу маанини алып чыгышат. Анткени жазуучунун апасы бар туруп, турмуш шартка байланыштуу өзүн жетимдей чоңойтуп, чоң энеси бергендей мээрим, тарбия, сезимдерди эч бир адам бере албаганын алдын ала билет. Апасы менен жоолуккан күндө деле эне-бала мамилеси эбак үзүлүп калганын жазуучу айтканга чейин деле окурман өзү туюп сезет. Демек америкалык жазуучу, Эдгар Аллан По айткандай "... короткий рассказ должен прочитываться быстро, «в один присест»" болсо, британдык жазуучу-публицист Г. Уэлс "... что ни один рассказ не должен занимать более получаса чтения" – деп белгилеген [8, 5 б.]. Ал эми Ш.Дүйшеевдин "Агындыларында" ушул сыяктуу белгилер көп экендигин баса көрсөткүбүз келет. Ошону менен бирге бүгүнкү күндөгү абдан кыска аңгемелердин изилдөөчүлөрдүн бири түрк адабий изилдөөчүсү Р. Коркмаз бул жанрды философияда, психологияда, адабиятта, искусстводо жана тарыхта да популярдуу болуу менен өзүнчө бир азык катары карайт [7, 1092 б.].

Жазуучунун башынан өткөрүлгөн ар түрдүү тагдырларындагы оош-кыйыштар эч кимди кайдыгер калтырбайт. Окуп жатканда китептеги болгон сюжетке эмес, андагы кай бир фрагменттер абдан курч берилгенин көрүүгө болот. Мындай көрүнүштү өзүнө камтыган фрагмент "Сейит чал" деп аталат. Сюжетте күндөлүк турмушта ошол өрөөн боюнча жалгыз гана жер иштетип, андан алган түшүмдөрүн сатып, үй бүлөсүн эч кимге кор кылбай, элдин алды кылып баккан каарман Сейит чал кадимки эле турмуштагы дагы бир кыргыз аксакалынын образы экен деп ойлойсуң. Бирок аяк жагына келгенде күтүлбөгөн бурулуш

жасалат. Ошол абышканын өлүгү кокусунан табылып, ага карата өзүнүн үч карачечекей кыздары күнөөгө шектүү катары кармалып, бир топ жылдарга эркиндиктеринен ажыратылат. Буга себеп кыздардын келечегине деп жыйналган акчаларга болго кызгуулары, ач көздүүлүктөн келип чыккан мыкаачылык айбанчылык сезимдерди ойготоорун белгилеген. Окуя 60-жылдары болуп, бүтүндөй Ат-Башыны, ал тургай Кыргызстанды дүрбөлөңгө салган болсо, "...бул турмуш жакшырган сайын бул өңдүү төбө чачты тик тургузган мыкаачылыктар арбый берди. Эки жылдан кийин биздин Ача-Кайыңдыдан бирөө өз атасын бычактап өлтүрдү" – деп чыгарманы аягына чыгарат [2, 93 б.]. Чыгарма өтө кыска. Бир бетке жетпейт. Эдгар По айтмакчы бир отурумда окулуп бүткөнү менен глаболдуу маселени козгоп отурат. Мына күтүлбөгөн бурулуш. Жазуучунун окурмадардын эсине мамлекетте жасалып жаткан оор кылмыштардын өнүгүп келе жаткандыгы  жөнүндө эсине салган коңгуроо. Ооба, бизде да мындай окуялар кийинки күндөрү көндүм адатка айланып бара жаткандай. Деги эле чыгармада ашыкча маалымат жок, болгону сюжет толугу менен берилген. Образдар көшөгөнүн артынан эле көрүнөт. Сейит чал –мээнеткеч. Мезгилдин мээнеткеч адамы. Жаратманы. Ал эми бардар жашоодо чоңойгон кыздарда тарбиядан эбак өксүгөн. Ата-эне балдарын материалдык жактан камсыз кылганы менен алардын руханий байлыктары жабыркаган. Материалдык байлык  үй бүлөлүк баалуулуктардан таптакыр ажыратып салаары жөнүндө эң сонун ачып көрсөткөн. Ушул сыяктуу элементтер алгач окурмадын кызыкчылыгын арттырат. Чыныда чыгармалардан калыптанган кулк-мүнөздү да жолуктуруу өтө кыйын. Окурмады жазуучу бир белгилүү деңгээлге алып барууга такыр ашыкпайт. Болгону ушул сыяктуу кыска эскерүүдөн жаралган чыгармалар, акыры реалдуулукка гана алып барып такайт. Ошол реалдуулукту биз "Бейшебай аке" аңгемечеден көрөбүз. Бейшебай да - Сейит аке сыяктуу багбан. Ичкенде андан өткөн мыкты киши жок. Жазуучу акесине карат болгон балалык бир эңсөөсүн: "...Мени энемден бөлөк чындап эркелетер атам жок болгондуктанбы же эркектин эркелеткенин эңсейминби, билбейм, кээде Бейшебай акем кызуу келаткан күндөрү атайылап алдынан чыгар элем. Ошондо ал мени бооруна кысып алып"Алдыңа кетейин жалгызым, Дүйшөмдөн калган белегим!-деп көкүрөгүнө кысып алып, бир маалда "коё бериңиз" деп жулкунганыма болбой, өөп-жыттап жатып араң боштоор эле. Бир кызыгы Бейшебай акем аталуу балдарга антип жалынчу эмес" – деп эскерет [2, 101-102.]. Бул - психология боюнча атадан же энеден кемиген балдардын ички каалоосу же көксөөсү. Ар бир бала өзүнүн "балалык көксөөсүн" кандайча толтураарын өзү билет, өзү чечет. Бейшебайдын образында кыргыз эркектерине тийиштүү касиеттер бар. Жазуучу акырын өзүнүн ыкмасына салуу менен боёкчолор аркылуу кылдат каармандардын элесин мына ошетип тартып берет. Жазуучунун "Акелери" тууралу жазаган "чагылгандай аңгемечелеринин" (рассказ молния)" ичине бир эле учурда кыска аралыкта бир нече каармандардын образдарын батырган. Минималдык  форманын чегине дал келеген ойлордун маңызын чыгара жазып берген. Жазуучудагы дагы бир өзгөчөлүк чыгармага тийиштүү жерлери бар болсо да, аны окурмандар таап алсын дегендей тексттен алып салуу ыкмасы. Анткени окурман күтүп жаткан нерселерди акырындык менен кереги жок болго учурда алып салуу. Жазуучунун чыбыратмаларына көңүл бөлсөк: "Азыр ойлосом, айланайын мас деп масын да, соодеп соосун алып сала тургудай кендей да артыкбаш эч нерсеси жок экен" [2, 104 б.] деп бүтүндөй бир айылдын "мал аксагы менен жүз" дегендей, көрүнүшүн алдыга тартса, "Бир кызыгы, адам таң кала турган нерселерди көрсөм эле ошондой нерселерге шыктанып, ошондой нерселерди жасап, элди таң калтыра турган кишилердей болгум келип, элеп-желеп болуп кетчүмүн" – деп [2, 105.] өзүнүн келечек кыяладарын, ким болуп калыптанаарын алдын

ала сезгендей кабарлайт. Окуганда ашык эч нерсе жок. Окурманга керектүү нерселер жетиштүү, бирок тасирдүү.

Ш.Дүйшеевдин “Агындыларында” “өтө кыска”, “чагылган аңгеме” “икия”, “бир бүркүм сөз”, “чыбыратма” баары биригип, бүтүндөй бир көлөмдүү автобиографиялык чыгарманы түзөт. Буларды бири-биринен ажыратып салуу чыгарманын композициясын, сюжетин, формасын бузуу менен барабар болот. Ар бир бир бүркүм болбу же майда чыбыратмасыбы айтор бири - бирин толуктап, маанисин тереңдетип жүрүп отурат.

Демек, Ш.Дүйшеевдин “Агындыларына эмне таандык:”

- жөнөкөй жана кыска баяндар;

- ачык эмоцианалдуу түстөр;

- чыгармадагы негизди ойдун так берилиши;

-каармандардн социалдык ар түрдүүлүгү: айыл адамдарынан тарта, көрүнүктүү инсандарга чейин ;

- аңгеменин мазмунундагы өзүнчө компонентердеги кайталоолордон же өзгөчө көркөмдөөдөн баш тартуулар;

- пейзажды сүрөттөөдө берилген «музыкалык» кайрылуулар (мисалы, “бирде мындан бирде андан чегирткелердин безеленип сайраганы” [2, 146 б.] же “өзү самандай саргайып кетип бара жаткан күзгү талаалары же кылайган ала калтырбай, бороону боройлоп, аязы акактап...” [2, 190.];

- түпкүрдөгү жалгыздыкты жалпылыктыкы сыяктуу чагылдырып берүү ;
Маселен: “...Биз экөөбүз тең эмнегедир канча жылдан бери сагынышып жүрүп табышкан адамдарга окшоп бири-бирибиздин кучагыбызга кулап түшпөдүк. Жөн-жай эле, көптөн берки тааныш өңдүү көрүштүк. Өбө алган жокмун, апам да анча батыналбай бетимен коомай сүйдү. Экөөбүздүн ортобузду абдан тааныш, ошол эле убакта экөөбүзгө тең таптакыр белгисиз бир нерсе бөлүп турду. Ага мен көбүрөөк “чоочун” болуп турганымды сезип аттым. Мен ага эркелей албай, бир да жолу “апа” деп айталбай койдум. Кучагына кулап, көкүрөгүнө башымды жөлөй албадым. Экөөбүздү жапжакын, маңдай-тескей олтургузуп коюп, бирок бири-бирибизди тосуп, бирибизди бирибизге жеткирбей, бир аз эле эпкини тийсе Эне-Бала болуп, ээ-жаа бербей төгүлүп-чачылып кетчү аялуу сезимди эмне деген күч токтотуп, эмне деген күч кармап турганын мага бүгүн ким түшүндүрүп, ким айтып бере алат? Бейиши болгур чын эле 80 жашка чыгып дүйнө салды. Өкүрүп барып топурак салып кайттым, бирок чын эле ыйлай албай койдум. Жашым түгөнүп калгансып такыр чыкпай койду” [2, 215-216.]. Мындай реалдуулук, мындай сүрөттөө бир гана Ш.Дүйшеевдин өзүнө таандык.
- риторикалык кайрылуулар; Жазуучунун чыгармаларындагы риторикалык кайрылуулары кептин экспрессивдүүлүгүн жогорулатууда ыктуу колдонулат. Мындай риторикалык кайрылууларды ар бир кыска аңгемелеринен тапсак болот. Автордун көз карашынан алганда, Ш.Дүйшеев адабияттан практикалык психолог болуу менен бул илимдин өкүлдөрү үчүн окуу процессинде да, инсандын психологиялык абалына (колдонуу менен) кирүү куралы катары да колдонууга боло турган бай чыгармачылык материалды калтырган.). Ш.Дүйшеевдин кээ бир чыгармаларынын мазмуну жазуучунун көркөм чыгармачылыкка болгон көз карашында

жазуучу менен окумуштууну бир инсанга – чыгарма жаратуучуга айкалыштыруу принциби башкы орунду ээлегендигин ачык көрсөтүп турат.

Жыйынтыктап айтканда, акыркы маалымат технологиялары «экинчи вербалдык маданияттын» (классикалык адабияттан тышкары жаңы сөз өнөрүн: сүйлөшүү, талаш-тартыш, кызматтык каттар же мессенджердеги сүйлөшүлөр) пайда болушуна алып келди. Мындай коммуникативдик байланыштар, окурмандар арасында чыгарманын сюжетиндеги маанилүү нерселерди түшүнүүгө болгон кызыгууларын жоготуп койгонго алып барды. Мындай калыптануулар азыркы кезде майда фрагменттер, көз ирмемдик сүрөтөөлөр же окуялар, секундук түшүнүктөрдү гана көрүп, аны кабыл алуу гана маанилүү болуп турат. Баяндоочу сөздөрдүн өтө кыскалыгын колдонуу менен көп нерсени түшүндүрүүгө аракет кылат. Каралып жаткан изилдөө материалы формасы жагынан да, мазмуну боюнча да ар түрдүү: тандалган тексттердин арасында аңгемелер, жомок, очерктер сыяктуу чыгармалар, ал тургай чиймелерге жазуулар да бар. Ал эми сапаттык эмес, сандык айырмачылыкка келсек, материалдын фрагменттүү кыска этюддар жана үзүндүлөрдөн тартып, толук тексттик чыгармаларга чейин өзгөрүп турушун белгилей кетүү керек. жазуучунун чыгармачылыгын изилдөөнүн жыйынтыгы көрсөтүп тургандай ар тараптуу өңүттөн өзгөчө көңүл буруп изилдөөгө аракеттерди жасадык. Ш.Дүйшеев бүгүнкү күндө окурмандардын кеңири катмарына, илимдин ар кыл тармактарынын өкүлдөрү үчүн жаңы билимдерди чыгаруунун түгөнгүс булагы болуп кызмат кыла турган бай чыгармачылык материалды калтырган улуу жазуучу, сөз чебери катары “Агындылары” аркылуу белгилүү боло алды десек,жаңылышпайбыз. Бирок, жазуучу катары калуу анын каалоосу экенин, анын өмүр бою алып жүргөнүн, көп учурда чыгарма жазууда акындык ролду да мыкты аткарган өнөр адамы катары тарыхта кала алды.

Заманбап окурман түркүн түстүү сүрөттөмөлөргө толгон узун сюжеттүү чыгармаларды окугандан көрө, өтө кыска окуяларды жана чагылгандай аңгемелерди окуп убакыт коротконду маанилүү деп эсептейт. Бул жагынан алып карай турган болсок, Ш.Дүйшеев өзүнүн “Агындылары” менен заман талабына шайкеш келеген чыгарманы тарыхта калтырды десек ашыкча болбойт.

**Колдонулган адабияттар:**


1. Нурушев Э. Айыл жыттанган акын – Шайлообек [Текст]: / Э.Нурушев // Жаңы Кыргызстан маданияты, – 2011, №1. 23-февраль.
2. Дүйшеев, Ш . Агындылар. [Текст]: Дүйшеев Ш. / – Бишкек: Учкун ААК, 2015. – 591 б.
3. Дүйшеев, Ш. Арабадагы ыр [Текст]: / Ш. Дүйшеев. – Бишкек: Бийиктик, 2001. – 430 б.
4. Акматалиев А. (төрага), Андашев Д., Асаналиев К., Жумабаев И., Жумагулов Ч., Егимбаева С., Ибраимов О., Кадырмамбетова А., Мукасов М., Муратов А., Мусаев С., Обозканов А., Орозова Г., Өмүрзакова Н., Садыков А., Турсунбеков Ч., Шаршеналиев Ө. Кыргыз адабияты энциклопедиялык окуу куралы. [Текст]: / Акматалиев А. (төрага), Андашев Д., Асаналиев К., Жумабаев И., ж.б. – Бишкек: 2004. – 254 б.
5. Цитаты известных личностей. [Текст]: /А. Эйнштейн Источник: https://ru.citaty.net/https://ru.citaty.net/tsitaty/2010549-albert-einshtein-esli-vy-khotite-chtoby-vashi-deti-byli-umnymi-chitai/
6. Массалык адабият. / [Текст]: https://ky.wikipedia.org/wiki/
7. Кыргызча-орусча сөздүк. 40000 слов / под ред. К.К.Юдахина. – изд 4-ое. [Текст]: Юдахин К.К. – Бишкек. “Улуу тоолор”, – 2015, – С. 1092.

8. Эгембердиев, Т. Кара сөз менен ырдалган поэма [Текст]: Китепте: Дүйшеев Ш. Агындылар. / - Бишкек: Учкун ААК, 2015. – 5- б.

**Рецензент: филология илимдеринин доктору, профессордун м.а. Эгембердиева А.А.**